Мен: "Оо, Аллахтын Элчиси, Ибн Жудаан Исламга чейинки доордо тууганчылык байланыштарды бекемдеп, кедей-кембагалдарды тоюндурчу, бул ага пайдасын береби?" - деп сурадым. Ал айтты: «Бул ага эч кандай пайда алып келбейт, анткени ал эч качан: «Раббим, Кыямат күнү менин күнөөмдү кечир» - деп айткан эмес».@

Айша, радыяллаху анха, айтат: Мен: "Оо, Аллахтын Элчиси, Ибн Жудаан Исламга чейинки доордо тууганчылык байланыштарды бекемдеп, кедей-кембагалдарды тоюндурчу, бул ага пайдасын береби?" - деп сурадым. Ал айтты: «Бул ага эч кандай пайда алып келбейт, анткени ал эч качан: «Раббим, Кыямат күнү менин күнөөмдү кечир» - деп айткан эмес».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Исламга чейин Курайштын башчыларынын бири болгон Абдулла ибн Жудаан тууралуу кабар берди. Анын жакшы иштеринин ичинен жакындарына тууганчылык мамиле кылуусу, аларга жакшылык кылуусу, кедей-кембагалдарды тоюндуруусу жана Ислам дини үндөгөн башка жакшы иштерди кылуусу. Бирок бул иштер ага Акыретте пайда бербейт. Анткени ал Аллахка каапыр болгондугу үчүн жана эч качан: «Раббим, кыямат күнү менин күнөөмдү кечир» деп айтпагандыгы үчүн анын жакшы иштери ага пайда бербейт.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65009